УДК: 82.09

*Жумаканова Э., магистрант, К.Карасаев ат. БМУ*

# Ш.ДҮЙШЕЕВДИН «КАЙДЫГЕРЛИК» ЫР ЖЫЙНАГЫ ЖАНА АКЫНДЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫНЫН ӨНҮГҮҮСҮ

*Макалада Шайлообек Дүйшеевдин "Кайдыгерлик" ырлар жыйнагы жана анын жаңылыгы жөнүндө сөз болот. Акын коомдо ачык көрүнгөн, бирок баары байкамаксан болгон «кайдыгерликти» бөлөктөрдүн жан дүйнөсүнө таасир этүү мүмкүнчүлүгүн таап, элге жеткирүү касиетине чыгармачыл изденүү жасайт. «Эне тилди унуткандар», «Кыянаттык», «Эсиңе кел» сыяктуу ырлары менен публицистикалык лириканын цикли акындын чыгармачылыгына жаңы көркөмдүк күч берүү аркылуу эстетикалык баалуулугун жаратууга жетишет. Социалдык коомчулуктун мазмунунда акын тарабынан каралган "кайдыгерлик" Ш.Дүйшеев публицистикалык поэзиясына жаңычыл түшүнүк киргизип, реалдуу турмуштук көрүнүштөрдө дайыма болуп келген социалдык абал аркылуу чечмелейт. Акындын чыгармачылыгынын калыптануусу жана өнүгүүсү, чыгармаларына айтылган сын-пикирлер тууралуу сөз болот.*

***Өзөктүү сөздөр:*** *акын, жаңыча ойлонуу, поэтикалык дүйнө, көркөм дүйнө, акындык шык, көйгөй, кайдыгерлик.*

*Жумаканова Э., магистрант, БГУ им. К.Карасаева*

# ПОЭТИЧЕСКИЙ СБОРНИК ПЕСЕН "КАЙДЫГЕРЛИК" Ш. ДУЙШЕЕВА И ЕГО ТВОРЧЕСКОЕ РАЗВИТИЕ

*В статье будет рассматриваться поэтический сборник Шайлообека Дуйшеева "Кайдыгерлик" и его новшество. Поэт исследует всем известные, но равнодушно принимаемые людьми вопросы, которые могут оказывать влияние на некоторых людей. Такими стихами как "Забывшие родной язык", "Злоупотребление", "Опомнись" поэт показал, как можно придать через удожественную силу эстетическую ценность. Стихотворением "Равнодушие" поэт внёс новшество в поэзию и показал реальные жизненные ситуации. В данной статье речь будет идти о формировании и развитии творчества, комментарии к творчеству акына.*

***Ключевые слова:*** *поэт, новое мышление, поэтический мир, художественный мир, поэтический навык, проблема, равнодушие/безразличие.*

*Zhumakanova E., Bishkek Humanitarien University named after K.Karasayev*

# COLLECTION OF SONGS "INDIFFERENCE" BY SH.DUISHEEV AND HIS CREATIVE DEVELOPMENT

*The article deals with the collection of Shyloobek Duisheev's songs "Indifference" and his latest approaches. The poet investigates well-known but indifferent questions that can affect some people. Such poems as "Forgotten Native Language", "Abuse", "Come to your senses" the poet showed how to give artistic power in poems. In the social content of the poem "Indifference" the poet introduced an innovation in poetry and showed real life situations. In this article we will talk about the formation and development of creativity, comments on the work of akyn.*

***Keywords:*** *poet, new thinking, poetic world, art world, poetic skill, problem, indifference.*

XX кылымдын 80-жылдарынан тарта кыргыз жергесинде коомдук аң-сезимде өзгөрүүлөр боло баштады. Совет бийлигинин айрым кемчиликтерин коомчулукка алып чыгуу иштери өлкөнүн бардык тармактарында күч алгандыктан, андай көрүнүштөрдү бул жылдары кыргыз адабиятынан да көрүүгө болот. Коомдук өзгөрүүлөр менен дайыма азыктанып келген кыргыз адабияты мындай кырдаалдан сыртта калышы мүмкүн эмес болчу. Анткени советтик түзүлүш адабий чыгармачылыкты толугу менен эл турмушу менен айкалыштырып, анын негизги

кызматы дал ошол эл ичинде болуп жаткан түрдүү окуяларды акын-жазуучулар өздөрүнүн чыгармаларында чагылдыруу чеберчилигин профессионалдык деңгээл катары эсептеген. Мындай чыгармачылыкка көнгөн кыргыз акындары эл арасын толук камтып бараткан көрүнүштү айтпай коё алмак эмес. Ырас, жалпы союздук адабиятта башталып, улам совет адамынын жан дүйнөсүнө бүлүк сала баштаган бийликке болгон жек көрүүнү кыргыздын айрым акындары чыгармалары аркылуу колдоп, социалдык турмушта ачык көрүнгөн окуяларды ырга айландырууга киришкен. Алардын бири - Ш. Дүйшеев.

Анын бул теманы колго алып, башкалардан эрте киришип кетүүсүн мыйзамченемдүүлүк катары кароого болот. Биринчи себеп: акындын турмушу - 10-классты бүтүп, суу сугарып, кашар салышы, армияга чакырылып, солдаттык милдетти өтөп келген соң, кайрадан жумушчулук кесипке өтүп ар түрдүү жумуштарды аткаруусу - эл турмушу менен жакындан аралашуусун калыптандыра баштаган. Ага кошумча, согуштан кийинки элдин чарбасы оңоло баштаган мезгилден тартып заводдо бетонщик, формовщик болушу аркылуу элет турмушун шаардык жашоо менен байланыштырып, чыгармачылыгына жараша баа берүүгө шыктандырган жагдайды түзгөн. Мындай шарт акындын жан дүйнөсүндөгү чыгармачыл аракетке өзгөчө шык берип, элеттик турмушта күн санап өзгөрүп бара жаткан мезгилди, табияттын көрүнүшүн, адамга таасир этүүчү түрдүү жагдайларды уйкаштыкка салып, сапка тизип, лирика жаратууга жол ачкан десек болот. Адабий чыгармачылыктын ролун коомдук турмуш менен байланыштыруудан көргөн ал мезгилдин сөз өнөрүндө өзүн сынап көргүсү келген Шайлообекке Ат-Башы райондук газетада корректор болуу шыбагасы туш келет да, мындан ал калк турмушун чагылдырууда эмнеге көңүл бурууну үйрөнөт.

Газетада иштегенден кийин бирди-жарым ой-пикирин мезгилдүү басма сөзгө жарыялоо иштерин өздөштүрө баштайт. Тагыраак айтканда, Ш.Дүйшеевдин райондук гезитте иштеши жан дүйнөсүн, жеке менталдык түшүнүктөрүн лирикага айландырууда факты-материалдарды колдонууга жол ачат. Алгач ыр жазууну дегдеген шыгы «сүйгөн кызына кат жазуудан башталса» [1: 41] да, ал түрдүү эмоционалдуу кырдаалга айкаша келип, Ат-Башынын кооз табиятын сүрөттөөгө өткөн лирикалык туюм айылда оокат өткөрүп жүргөндө кездеше калуучу кызыктуу жана көйгөйлүү жашоону чагылдырууга багыт алат. Бул популисттик маанайда жан дүйнөдө термелген ойду ыр катары окурмандарга сунуштаган көз карашына айрым толуктоолорду киргизип, жөн гана айтылып жаткандай көрүнгөн реалдуу турмуштан башкаларга керек чындыкты көрүүгө, өзгөчө, аны өзү байкаган көркөм образдуулукта ачып берүүгө шарт түзөт. Мезгилдүү басма сөз менен кызматташуу Ш.Дүйшеевдин реалдуу турмуштук окуялардан адамдын жан дүйнөсүнө таасир этүүчү факты-материалдарды таап, анын башкалар байкай бербеген табиятын адам баласына жеткирүү жөндөмүнө жол ачат. Акын катары ал турмуштук көйгөйдөн жөн адамдын көзүнө көрүнбөгөн касиеттин себептерин табууга умтулат. Бир караганда, өткөн кылымдын 80-жылдарынын экинчи жарымынан коомдук аң-сезимге тездик менен аралаша баштаган бийлик кетирген кемчилдиктин бетин ачуу, аны түрдүү жолдор аркылуу элге жеткирүүгө багыт алган коомдук-социалдык кырдаал ушул бийлик орной баштаган тээ 20-30-жылдарда кыргыз адабиятында пайда болгон публицистикалык поэзиянын салттарын турмуш-шартка ылайык жаңылап, ошол ык-усул менен ыр чүргөө керектигине шоола чачты. Анткени эртеби-кечпи болот деген үмүт менен коммунисттик идеяларга ишенип, күтүп келген элдин сезимин козгоп, зор империяда башка улуттар козголуп жаткан шартта жан дүйнөсүн ойготуунун бир гана жолу ушул болчу. Андай чечимди кантип кабыл алганы жөнүндө Ш.Дүйшеев өзү төмөнкүдөй маалыматтарды берет: «Мен табиятымда лирик элем, бирок мен «уктап» жаткан элимди, бир уктаса жоо чаап атса да, кызылдай кырып атса да ойгонбогон, уят-сыйыты бар, таалим-тарбиясы бар, качантан бери эл кылып сактап келген каада-салты бар өз элимди «сыпайы лирика» менен, сүйүү ырлары менен ойгото албасымды билген соң, кыргызды ойготуш үчүн көзгө, мээге, жүрөгүн сууруп алып, жүлүнгө сая турган ырлар керектигин түшүндүм» [1: 95]. Акындык ички туюм далай жылдар менен топтолуп, улам тереңдеп бараткан коомдук «илдеттерди» жарандарга жеткирүүдө кулакка кадала калчу ачуу сөзгө толгон ыр

түрмөктөрү менен берүү жолун тандайт. Ойду мындай формада бере билүүнүн чеберчилиги Ш.Дүйшеевде жетиштүү болчу.

Журналист катары эл турмушундагы түркүн-түс окуяларды чагылдырып берүүгө шык-жөндөмү калыптанган ал окурманга сездире алган сөздүн касиетин таап, ошол көйгөйдү жан дүйнөсү аркылуу баалап биле турган сапатка ээ ырларды жазууга бет алды. Ал эми филармонияда төкмө акындар менен кызматташып, сахнада элди өзүнө тарта билгенди «үйрөнгөн» ырчылык өнөрү буга тымызын жуурулушту. Ырас, калк арасында кездешкен андай көйгөйлөрдү акындардын баары жазса да, жан дүйнөсүндө баккан оюн ушул публицистикалык лирика жанрында берүүсүнө жогоруда аталган эмгек жолунан алган иш тажрыйбалары себеп болду. Анын чыгармачылыгы эл арасында тээ байыртан орун алып, өткөн кылымда саясаттын кысымында күч алган кайдыгерликти өзүнчө тематика катары аныктады. Реалдуу шартта социалдык чөйрөдөн алган таасирлерин кадимки назиктик туюм менен кабыл алса да, ички дүйнөсүндө күйгөн күйүттү кадыресе окуялардын күндө кездеше берүүчү фактылар менен чагылдырууга басым жасады. Ш.Дүйшеевдин мындай аракети адабиятчылар тарабынан көз жаздымда калган жок. Замандашы Эсенбай Нурушевдин акындын чыгармачылыгы жөнүндөгү бир макаласында: «Шайлообек өз чыгармаларында азыркы турмуштун кадимки эле кара фактыларына, саясий, экономикалык, социалдык жана гуманитардык маанидеги конкреттүү, күндүн күйүп турган актуал проблемаларына арбын кайрылды. Болгондо да ошол карандай фактологияга эстетикалык бийик ырай берип, окуган же уккан адамдын көңүл-көкөйүндө кыттай уюп калгыдай кыяпка жеткирип, анык поэзияга айлантты. Дал ушул касиет аны башкалардан аттын кашкасындай айырмалаган акындык эн белгиси болуп калды. Атүгүл, улуттук поэзиядагы жаңы агымга нук салды. Көз алдыда болуп жаткан же жаңы эле болуп өткөн күнүмдүк жаңылыктан, окуядан, фактыдан коомдук резонанска ээ болгудай жогорку сапаттагы ыр жасай алган акындар кыргыздын жазма поэзиясынын тарыхында буга чейин жолуга элек болучу, жолукса да адабий теорияда «публицистикалык поэзия» аталып жүргөн жанрды Шайлообектей көркөм деңгээлге көтөрө алышкан эмес» [2: 6] деп жазды. Айтылган ойлордун айрымдары ашыкча мактоолор менен коштолсо, бул жердеги чындык кыргыз адабиятында толук кандуу ордун тапкан «публицистикалык поэзияны» бир баскычка көтөрдү.

Коомдо түзүлгөн проблеманын келип чыккан себептерин өз алдынча талдап, ошол жылдары социалдык чөйрөгө жаңы көз караш катары М.С.Горбачев тарабынан сунушталган «айкындуулукка» таянып, бүткүл совет элинин жан дүйнөсүнө тымызын орун ала баштаган улутка мүнөздүү көйгөйлөрдү ыр аркылуу публикага сунуштады. Эл арасына кеңири жайылып, коммунисттик кыялый түшүнүктөр менен шөкөттөлгөн идеялардын шаңы аркылуу социалдык чөйрөдө этибар алынбай келген деградация анын бул багыттагы кыргыз лирикаларынын өзөгүн түздү. Ушул кылымдын 80-жылдары совет элине келип калат деген коммунисттик жыргалчылыктын, б. а., баары куунап жашайт делген «кой үстүнө торгой жумурткалаган» замандын болбой калышы көп улуттуу мамлекеттин кызыкчылыгына туура келе бербеген жеке маселелерин жалпы жана бирдей чыга баштаган шартта бөлөктөргө салыштырмалуу газеталык стилде тездик менен иштей алган Ш.Дүйшеевдин шыбагасына биринчиликти ыйгарды. Журт күткөн, айтууга зарылдыгы турган маселелер ал жылдары өтө көбөйүп кеткендиктен, окурмандын өзү да мындай формадагы ырларга муктаж болчу. Ырас, калктын жашоосун байырлап, улуттун мындан аркы турмуш-тирлигине тикелей терс таасирин тийгизип, далай кылым түптөлгөн тилине, салт-санаасына, үрп-адатына, маданий баалуулуктары менен нравалык нарк-насилине көлөкө түшүрүүчү иштер эл арасын байырлап, кырдаалды чагылдырууга кыргыз акындары жапырт киришкен болсо да, Ш.Дүйшеев социалдык чөйрөдө тез жана көпчүлүк тарабынан жагымдуу кабыл алына турган стилди тапты. Анын ошол жылдары жазган ырлары эмоционалдуу келип, ар кимдин жан дүйнөсүндө орун алган аялуу сезимдерди күчтүү менталдык ыргакта чагылдыргандыктан, С.Момбеков сыяктуу жаштар журттун руханий ички дүйнөсүн ойготуу максатында гитаранын коштоосунда ырдай баштаганы белгилүү. Бул акын публицистикалык лирикаларынын эркин ыр мүнөзүндө жазылганын, ыр түрмөктөрүн түзүүдө автор лирикаларына жаңычыл стилдик каражаттарды колдонгонун айкындап турат.

Өлкөнүн коомдук-социалдык турмушунда орун алган мындай улуттук-нравалык кемчиликтердин башкы себептери башка жакта болсо да, өзгөчө белгисин «кайдыгерлик» деген түшүнүк менен аныктаган Ш.Дүйшеевдин поэтикалык табылгасы кыргыз жаранын өз алдынча ойлонууга чакырык салат да, мындай кырдаалдын түзүлүшүнө себеп болгон ар кимдин ички дүйнөсүндө ойгонбой жаткан сенсордук сезимин күнөөлөчү психологиялык абалды жараткан. Мына ушундай сапатка ээлик кылганы өз кезегинде С.Эралиев [3: 5], Б.Сарногоев [4: 8] сыяктуу бир катар акын-жазуучулар тарабынан колдоо тапкан.

Эл турмушунун бардык тарабынан көрүнө калып турган жарандык коомдун кайдыгерлиги саясий-экономикалык, социалдык-нравалык, ал тургай, пендечиликтин бардык сферасында «ордун таап», көнүмүш адатка айлангандыгы баарыга белгилүү болгондуктан, ага каршы жаңыдан ойгоно баштаган коомдук кыймылдын мүчөлөрү өзүнүн жан дүйнөсүндө жүргөн ойду ыр менен келтире айтып салгандай күчтүү эмоцияда кабыл алды. Журт тарабынан колдоо үчүн акын анда айтылган ойлорду тереңдетип, «Эне тилди унуткандар», «Кыянаттык», «Эсиңе кел» сыяктуу ырлары менен публицистикалык лириканын циклин түзүүгө жетишти. Ал ырлардын идеялык мазмунун кур кыялга азгырылып далай баалуулуктарын жоготкон ички бугу, ишенгени жалган чыккан элдин арманы, эл турмушунда бийликтин кысымынан далай жыл айта албай келген түрдүү көйгөйлөр ээледи. Реалдуу турмуштук шартта баарыга бирдей проблема болуп, анын таасири ар бир үй-бүлөнүн өздүк тиричилигинен башталып, коомду толук камтыган абалга чейин жетип калгандыктан, андан арылуунун жолун издеген пендени ойготууга карата ышкы ар бир атуулдун оюнан орун алган шартта ырдын касиетин, ыр аркылуу адам баласына таасир этүү кудуретин пайдалануу ыгы акынды элге жакындаштырды. Коомдо ачык көрүнгөн, бирок баары байкамаксан болгон «кайдыгерликти» бөлөктөрдүн жан дүйнөсүнө таасир этүү мүмкүнчүлүгүн таап, элге жеткирүү касиетине чыгармачыл изденүү жасайт. Ошондуктан «жыгылып жаткан жерде айды көрдүк, тургузбадык, таш болуп катып калган, таш боор, мерес жанды көрдүк, унчукпадык» [5: 138] деген саптарды жыш колдонуп, айрым жагдайлар боюнча кадимки турмуш чындыгына таянуу менен тереңдетип, кадыресе көрүнүш катары байкала бербеген, б. а., «жалгыздык башка түшсө, ашар кылып, атаны үйлүү кылган, сыйлаган кичүүлөрүн, улуусун урматтаган адатка» [5: 139] салыштырып автордук түшүндүрмөсүн берет. Мындай саптар «Кайдыгерлик» деген аталыш менен берилген ырга жыш колдонулат да, бирин экиинчиси толуктап турган ырдын мазмуну аркылуу Ш.Дүйшеев калайык калкка бере ала турган идея эмне экенин жакшы сезгендиктен, кайталанма сөздөрдү байма-бай колдонуп, ырдын тоникалык кудуретин арттырат. Ал кыргыз поэзиясында мурда бир катар ийгиликке жетишкен мындай публикага жетимдүү эркин ыр формасы гитаранын коштоосунда (С.Момбековдун аткаруусунда) угарманга таасирдүү келип, лирик акындын жеке автордук дүйнө кабылдоосун жаңыча чагылдырууга жетишет. Ушул жанрдык өзгөчөлүк менен жан дүйнөсүн ачкан циклдик ыр түрмөктөрү анын чыгармачылыгына жаңы көркөмдүк күч берүү аркылуу эстетикалык баалуулугун жаратууга жетишет. Акынга журналист катары эл арасында жүргөн күндөрү акындык ойду бере билүү шыгын башка өткөрүп, көп жылдар айтылбай келе жаткан элдин көйгөйлөрүн толугу менен ыр аркылуу кайра калайык калкка жеткирүүгө шарт түздү, б. а., элдин атынан негизги маселелерди көтөрүп чыгууга журналисттик кесип маанилүү роль ойноду.

Андай касиет лирикалык чыгармачылыктын нугу өзгөрүп, автордогу мекенчилдик сезимдерди жарандык коомдун кызыкчылыгы менен айкалышып, доордун күрөө тамырында турган улутка тиешелүү проблемаларды коомчулуктун алдына алып чыгууга тийиш абалда маанилүү шарт түздү. Ким кааласа эле айта алчудай сезилген, болгондо да айтпай коюуга мүмкүн эмес болуп турган деңгээлге келип жеткен улуттук маселелерди «Кайдыгерлик» деген жалпы аталыш менен жазылган ырларда чагылдырды. Ал цикл катары автордун жеке изденүүсүн элге таанымал кылды да, калк арасында болгон түрдүү окуяларды публицистикалык ырлардын жаңы үлгүсүндөгү ыр түрмөгүн кыргыз адабиятына алып келди. Мындай циклдеги ырлар эл каалап турган темада жазылып, көйгөйлүү маселелерди көтөрүү

менен гана чектелбестен, аламан топтун арасында жүргөн Ш.Дүйшеев деген акындын жылдызын жандырды, акын катары журтка таанытты.

“Кайдыгерлик” өзүнүн образдуулугун жаңыча түзүп, сыртынан байкала бербеген терс сапаттарды бир ойго топтоого жетишти, б. а., кыргыздын элдүүлүгүнө, улут катары сакталып калуусуна жолтоо болгон жаман сапаттардын типтүү мүнөзүн ачып берет. Анда билинбей жок болуп бара жаткан байыркы салттар, башкалардан айырмалоочу уникалдуу көчмөн маданияты, этнопсихологиялык адамдык нарк-насили менен тарыхта ордун тапкан улуттун көркөм-эстетикалык көрөңгөлөрүнүн бөксөрүшүнө себепкер тарыхый-социалдык кырдаалдарды аныктайт. Социалдык коомчулуктун мазмунунда акын тарабынан каралган “кайдыгерлик” Ш.Дүйшеев публицистикалык поэзиясына жаңычыл түшүнүк киргизип, «Кел сүйлөшөлү?», “Эне тилин унуткандар”, “Партия менен сүйлөшүү”, «Күтүү», «Кыянаттык», “Кыргызгүл менен Кыргызбай баяны”, “Ысык-Көлдү сакта дейсиң”, «Эштек байке», “Эгемендүү Эштек”, «Арак кыргыз», “Дардаң мырза”, “Кыргыз кыз-келиндеринин ыйы”, “Бөлүнгөндөн акыры өлөт кыргыз”, “Кырк кыздын кайрадан Ала-Тоодон Алтайга сүрүлүшү”, “Муз жана Падыша”, “Ким кыргызда бактылуу”, “Демократия ашы” деген ырларда кыргыз элинин турмушуна өткөн доордон бери аралашкан проблемаларды улуттун кызыкчылыгы менен карап, реалдуу турмуштук көрүнүштөрдө дайыма болуп келген социалдык абал аркылуу чечмелейт. Ырас, Ш.Дүйшеев андан кутулуунун жолун так көрсөтө албаса да, кедергисин тийгизип жаткан коомдук-социалдык факторлорду акын-публицист катары чагылдыра алат.

**Адабияттар:**

1. Дүйшеев Ш. Арабадагы ыр - 2. -Бишкек, 2001.
2. «Жаңы Кыргызстан маданияты». -№ 1. 2011, 23-февраль.
3. Жүз жашка шилтенген биринчи кадамың менен, Шаке! // Асаба, 2000, 8-декабрь.
4. Сарногоев Б. Түшүмө Ош базар кирет. Ат кирет, суулар, тоолор кирет. // Агым, 2002, 18-январь.
5. Дүйшеев Ш. Арабадагы ыр. -Б.: Шам, 1999.